**«Бекитемин»**
С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин ректору п.и.д., профессор
Т. М. Сияев

____________________________

«11» январь 2020-ж

Жетектөөчү мекеме С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин педагогика жана окутуунун технологиясы кафедрасынын Сманбаев Өрнөкбек Амановичтин «Окуучуларга айыл чарба кесиптерине багыт берүүнүн теориясы жана практикасы» (айыл мектебинин мисалында) 13.00.01-жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына

ПИКИР

С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин педагогика жана окутуунун технологиясы кафедрасынын 2020-жыл 11-январдагы кеңейтилген отурумунун № 5 протоколунун

КӨЧҮРМӨСҮ

**Катышты:** п.и.д, профессор Т.М.Сияев; ф.и.д, профессор А.С. Жантаев; ф.и.к., проф.м.а Н.А. Чоробаева; п.и.к, проф.м.а Б. М. Биймурсаева;

п.и.к., доцент Г.Ж. Муңайтпасова; п.и.к., доцент Д.М. Ажыбаев; п.и.к.доцент Г.Ж. Чекирова; п.и.к., доцент Б. Аман кызы; п.и.к.,доц.м.а. Ш. К. Султаналиева; п.и.к., доц. м.а А.К. Макеев; п.и.к.доц.м.а. Э.О. Бектурова; доц.м.а. Г.А. Касымова; п.и.к., доц.м.а К.И. Жаныгулов; п.и.к., доц.м.а В. Бугубаева; ф.и.к., окутуучу Т.С. Дүйшеева; окутуучу М.К. Асанкулова.

КҮН ТАРТИБИ:

1. Сманбаев Өрнөкбек Амановичтин «Окуучуларга айыл чарба кесиптерине багыт берүүнүн теориясы жана практикасы» (айыл мектебинин мисалында) 13.00.01-жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо

Илимий кеңешчи: педагогика илимдеринин доктору, профессор Мамытов Абакир Мамытович

Диссертациялык иш И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасында аткарылган.

1. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** 2020-жылга чейин Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүүнүн концепциясында жана бир катар расмий документтерде мектеп окуучуларына кесиптик багыт берүү иштерин күчөтүү керектиги белгиленген. Кыргызстандын экономикасында айыл чарбасы негизги орунду ээлейт. Азыркы кездеги айыл чарбасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары, эмгекти уюштуруунун жаңы формаларынын жана инновациялык технологияларлын киргизилиши, айыл жергесиндеги миграциянын уланышы, өз кезегинде тармактын квалификациялуу даярдыгы бар кесип ээлерине муктаждыгын пайда кылды. Натыйжада айыл мектебинин окуучуларынын жеке кызыгуусун жана аймактын квалификациялуу кесип ээлерине керектөөлөрүн эске алып, аларды кесип тандап алууга даярдоодо айыл мектебинин ролу өсөт. Коомдогу социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн шарттарында окуучуларды айыл чарбасындагы кесипти тандап алууга даярдоонун ийгилиги, проблеманын методологиялык, теориялык, методикалык маселелеринин иштелип чыккандыгына көз каранды.

Демек, квалификациялык даярдыгы бар, инновациялык технологияларды колдонуп чыгармачылык менен иштей алган, инсандык асыл сапаттарды калыптанган келечектеги айыл чарба эмгекчисин даярдоо

айыл чарба өндүрүшүн интенсивдештирүүнү жана индустриялаштырууну тездетет.

Ө.А.Сманбаевдин доктордук изилдөөсүнүн предмети айыл мектебинин окуу-тарбия процессинде окуучуларга айыл чарба кесиптерине багыт берүүнүн теориялык жана практикалык аспектилери.

**Изилдөөнүн предмети** азыркы кездеги коомдун социалдык заказы менен аныкталып жана мектеп окуучуларын айыл чарба кесиптерин тандоого даярдоодогу карама-каршылыктарды жоюу үчүн ар тараптуу изилдөөнү талап кылат. Изилдөөнүн предметине ылайык, диссертациялык иште айыл мектебинин окуучуларына айыл чарбасындагы кесиптерди тандоого даярдоодогу белгиленген карама-каршылыктарды жоюу, базар экономикасынын шарттарына жооп берген кесиптик багыт берүү маселесин өркүндөтүү үчүн методологиялык, теориялык жана практикалык жактан иштеп чыгуунун зарылдыгы, изилдөөнүн **проблемасын** аныктайт.

Изилдөөнүн максатына, предметине ылайык келген милдет төмөндөгүлөрдү чечүүгө багытталган: Кыргызстандын айыл мектептеринде окуучуларга айыл чарба кесибине багыт берүүнүн калыптанышынын тарыхый-педагогикалык жана аны социалдык-экономикалык өбөлгөлөрүн аныктоо; айыл мектебинин окуучуларына айыл чарбасындагы кесиптерге багыт берүүнүн методологиясын, теориясын жана айыл мектебинин функциясын аныктоо; айыл мектептеринин окуучуларына айыл чарба кесиптерине багыт берүүнүн педагогикалык шарттарын аныктоо; окуучулардын айыл чарбасындыгы кесиптерин тандоого даярдыгын аныктоо жана аны калыптандыруунун теориялык моделинин иштеп чыгып, натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерү, практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Изилдөөдө коюлган максатка жана милдетке жетүү жана аларды апробациялоо кесипке багыт берүүнүн теориясындагы илимий-теориялык жетишкендиктерди, азыркы кездеги кесипке багыт берүү ишине мамиле жасоонун багыттарын жана методдорун, топтолгон педагогикалык

тажрыйбаларды эске алуу менен ишке ашырылган. Бул диссертациялык иш коомдогу социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн шартында айыл мектебинин окуучуларын айыл чарбасындагы кесиптерди тандап алууга багыт берүүнүн илимий- теориялык негиздерин, педагогикалык шарттарын, ишке ашыруунун жолдорун изилдеген Кыргыз Республикасындагы алгачкы диссертациялык иш болуп саналат.

**2.Жеке автор тарабынан алынган илимий натыйжалар жана алардын илим жана практика үчүн мааниси.**

Ө.А.Сманбаевдин изилдөөсүндө алынган төмөндөгүдөй илимий натыйжалар азыркы кездеги айыл мектебинин окуучуларын айыл чарба кесиптерин тандап алууга багыт берүүнүн илимий-теориялык негиздери жөнүндөгү илимий көз караштарды бир кыйла тереңдетет жана окуучуларга кесиптик багыт берүүнүн теориясына жана практикасына олуттуу салым кошот.

**1.** Кыргызстанда окуучуларга кесиптик берүү маселесине байланышкан булактарды талдоонун негизинде проблеманын өнүгүү тенденциялары, өзгөчөлүктөрү, этаптары, тарыхый-педагогикалык, социалдык-экономикалык өбөлгөлөрү жана такталган.

**2.** Кыргыз Республикасында окуучуларга кесиптик багыт берүү маселесинин теориядагы жана практикадагы абалы аныкталган;

**3.** Коомдогу социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн шарттарында окуучуларга айыл чарба кесиптерин тандап алууга багыт берүүдөгү айыл мектебинин функциясы жана мазмуну аныкталган;

**4.** Айыл мектебинин окуучуларына эмгекти уюштуруунун жаңы шарттарына ылайык келген айыл чарба кесиптерин тандоого багыт берүүнүн теориялык негизи иштелип чыккан;

**5.** Коомдогу социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдү эске алуу менен айыл мектебинин окуучуларына айыл чарба кесиптерин тандоого багыт берүүнүн методологиясынын концептуалдык негизин түзгөн мамиле кылуунун багыттары аныкталган;

**6.** Базар экономикасынын шарттарында окуучуларга айыл чарбасындагы кесип тандоого даярдоонун педагогикалык шарттары иштелип чыккан;

**7.** Эмгекти уюштуруунун жаңы шарттарында кесип ээлерине коюлган талаптарды эске алуу менен айыл мектебинин окуучусунун айыл чарбасындагы кесип тандоого даярдыгы жана анын компоненттери, критерийлери аныкталган

**8.** Айыл мектебинин окуучуларын эмгекти уюштуруунун жаңы шарттарына ылайык айыл чарбасындагы кесип тандоого даярдоонун теориялык модели иштелип чыккан;

**9.** Айыл мектебинин окуучуларына кесиптик багыт берүүнүн ишинин натыйжалуулугун арттырууга багытталган практикалык сунуштар белгиленген.

**3. Изилдөөнүн жыйынтыктарынын негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүк даражасы.**

Изилдөөнүн жыйынтыктары изилдөөнүн темасы менен байланышкан илимий булактарды терең талдоо, алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды жалпылоо, илимий-теориялык тыянактарды апробациялоо максатында педагогикалык экспериментти жүргүзүүсү менен бекемделген.

**1- натыйжа** ишенимдүү жана илимий негизделген, илимий-тарыхыйлуулук принцибине таянып илимий-теориялык талдоонун негизинде Кыргызстанда окуучуларга кесиптик багыт берүүнүн проблемасынын өнүгүү этаптары, тарыхый-педагогикалык, социалдык-экономикалык өбөлгөлөрү жана тенденциясы такталган;

**2-натыйжа** жеткиликтүү ишенимдүү, азыркы кездеги билим берүү тармагына байланыштуу мамлекеттик нормативдик документтерди, илимий булактарды жана айыл мектептеринде топтолгон тажрыйбаларды талдоонун негизинде Кыргыз Республикасында окуучуларга айыл чарба кесиптерине багыт берүү маселесинин теориядагы жана практикадагы абалы аныкталган.

**3-натыйжа ишенимдүү,** Кыргызстандын айыл мектептеринин азыркы кездеги өнүгүү тенденциясын, топтолгон тажрыйбаларды, талдоонун

негизинде, теориялык булактарга таянуу менен айыл мектебин социомаданияттык чөйрөдөгү ар түрдүү факторлордун, шарттардын жыйындысын камтыган, билим жана тарбия берүү процессин ишке ашырган, келечектеги компетенттүү кесип ээсин даярдоого салым кошкон педагогикалык мейкиндик катары аныктаган. Базар экономикасынын шартындагы эмгекти уюштуруунун жаңы формалары, регионалдык өзгөчөлүк эске алынып укуктук-нормативдик жактан негизделип, окуучуларга кесиптик багыт берүүдөгү айыл мектебинин функциясы жана мазмуну аныкталган.

**4- натыйжа,** ишенимдүү, илимий негизделип, теориялык булактарга, изилдөөнүн натыйжаларына таянуу менен базар экономикасынын шарттарына ылайык мазмунга жана технологияга негизделген көз караштардын, идеялардын, сунуштардын жыйындысын камтыган айыл чарба кесиптерине багыт берүүнүн теориялык негизи жана ишке ашыруунун механизми иштелип чыккан.

**5 -натыйжа ишенимдүү,** илимий булактарды талдоонун негизинде базар экономикасынын шарттарында айыл мектебинин окуучуларына айыл чарба кесиптерине багыт берүүнүн стратегиясын аныктоодо илимий негиз болгон жана анын натыйжалуулугун камсыз кыла турган методологиянын концептуалдык негизин түзгөн мамиле кылуунун багыттары (социалдык-экономикалык, компетенттүүлүк, этнопедагогикалык ж. б.) аныкталган. Кесипке багыт берүү ишине мамиле кылуунун багыттары өз алдынча теориялык фундамент катары объектилердин өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн, изилденип жаткан кубулуштун перспективасын түшүнүүгө жардам бере тургандыгы аныкталган.

**6-натыйжа** ишенимдүү, илимий негизделген. Анткени иштелип чыккан педагогикалык шарттар изилдөөнүн максатына жана милдетине туура келип, кесиптик багыт берүү ишинин уюштурулушуна, мазмунуна жана процессуалдык аспектилерине таасирин тийгизет. Педагогикалык шарттарды ишке ашыруу педагогикалык экспериментте текшерилип негизделген. Базар

экономикасынын шарттарында окуучуларга айыл чарбасындагы кесип тандоого даярдоодо мааниге ээ болгон төмөндөгүдөй педагогикалык шарттары иштелип чыккан; а) окуучулардын кесиптик кызыгуусун калыптандыруу; б) мугалимдердин кесиптик багыт берүү ишине теориялык, практикалык жана психологиялык жактан даярдыгы; в) ата-энелердин кесиптик багыт берүү маселеси боюнча түшүнүктөрүн кеңейтүү; г) социалдык шериктештикти өнүктүрүү, д) окуу-тарбия ишинин айыл чарба жана кесиптик багыт берүүчүлүк жагдайын арттыруу; ж) кесиптик багыт берүү ишинин инновациялык форма, методдорун, маалыматтык технологияларды колдонуу; з) кесипке багыт берүү ишинин этнопедагогикалык багыттуулугу; к) моделдештирүү. Педагогикалык шарттар окуучулардын айыл чарбасындагы кесиптерден тандоого даярдыгынын компоненттеринин жана критерийлеринин калыптанышына негиз болот. Педагогикалык шарт – айыл мектебинин билим берүүчү мейкиндигин потенциалдык мүмкүнчүлүгүн ишке ашырып, анын жыйындысын чагылдырып, педагогикалык системанын иреттелген жана багытталган натыйжалуу кызмат өтөөсүн камсыз кылган мүнөздөмөсү катары аныкталган.

**7-натыйжа ишенимдүү жана негизделип,** азыркы кездеги эмгекти уюштуруунун жаңы шарттарында айыл чарбасындагы кесип ээлерине коюлган талаптар аныкталып, окуучуларга айыл чарбасындагы кесип тандоого даярдыгы жана анын компоненттери (мотивациялык, когнитивдик, баалоочу-мазмундук жана иш– аракеттик), критерийлери аныкталган.

**8- натыйжа ишенимдүү, илимий негизделип,** базар экономикасынын шарттарында өзүнө максаттык, мазмундук, иш-аракеттик, баалоочу-жыйынтыктоочу блокторду, принциптерди, критерийлерди, деңгээлдерди камтыган окуучулардын айыл чарба кесиптерин тандоого даярдыгын камсыз кылган теориялык моделинин алгачкы ирээт иштелип чыккан.

**9- натыйжа** илимий-практикалык жактан негизделген жана өз ара байланышта болгон, педагогикалык экспериментте текшерилген

натыйжаларга таянуу менен айыл мектебинин окуучуларына кесиптик багыт берүүнүн ишинин натыйжалуулугун арттырууга багытталган практикалык сунуштар белгиленген.

**4. Алынган натыйжалардын актуалдуу проблемага туура келген теориялык жана прикладдык милдеттерди чечүүдөгү ички бүтүндүгүн жана багытталгандыгын баалоо**

Изилдөөнүн жалпы структурасы жана алынган натыйжалар диссертациялык иштин жалпы стратегиясы, максаты жана милдети, обьекти, предмети менен шайкеш келип, диссертациялык иштин мазмунун ачып көрсөткөн ички бүтүндүгү жана логикалык жазылышыгнын ырaатуулугу менен мүнөздөлөт. Диссертациянын өз ара байланышкан бөлүмдөрүнүн негизги идеясы айыл мектебинин окуучуларынын айыл чарбасындагы кесиптерди тандоого багыт берүү болуп саналат.

**5.Алынган натыйжалардын практикалык баалуулугу.** Коомдогу социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн шартында айыл мектебинин окуучуларын айыл чарбасындагы кесипти тандоого багыт берүү проблемасын илимий жана практикалык жактан чечилиши өлкөнүн социалдык заказына жооп болуп саналат.

Аткарылган изилдөөнүн теориялык жыйынтыктарын, практикалык сунуштарын айыл мектебинин мугалимдеринин күндөлүк практикасында колдонушу окуучуларга кесиптик багыт берүү ишинин натыйжалуулугун жогорулатат. Алынган натыйжалар жана сунуштар концепцияны түзүүдө, окуу китептеринин жана колдонмолорун даярдоодо колдонуу мааниге ээ болот. Изилдөөнүн теориялык жыйынтыктарын педагогика-лык окуу жайлардын окутуучуларына, мугалимдердин адистигин жогорулатуучу курстардын угуучуларына, педагогикалык окуу жайдын студенттерине сунушталат. «Окуучуларга кесиптик багыт берүүнүн негиздери» боюнча атайын курстун программасы иштелип чыгып ЖОЖдун практикасына киргизилиши келечектеги мугалимдерди кесиптик багыт берүү ишине

даярдоонун деңгээлин жакшыртып, перспективада окуучуларга кесиптик багыт берүү ишинин натыйжалуулугун арттырат.

**6. Диссертациянын негизги жоболрунун,натыйжаларынын жана тыянактарынын жарыяланышынын тастыкталышы.**

Изилдөөнүн темасына байланыштуу 70 эмгек жарыяланган. Диссертацияда 37 илимий эмгек көрсөтүлдү. 8 эмгек РИНЦ системасында жарыяланган. Алардын ичинде 1 монография, 2 методикалык колдонмо, 8 статья РИНЦ системасында жарыяланган. Изилдөөнүн жыйынтыктарынын ар кандай деңгээлдеги жыйындарда, конференцияларда, семинарларда талкууланып жактырылган жана тиешелүү басылмаларда жарыяланып турган.

**7. Автореферattын диссертациянын мазмунуна ылайык келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмуна, анда коюлган максатына, милдеттерине дал келет, илимий аппаратын жана коргоого алып чыккан негизги жоболорун чапгылдырат, изилденип жаткан проблеманын теорияда жана практикада иштелтип чыккандыгын ачып көрсөтөт, коюлган милдеттерди чечүүнүн ырааттуулугун кароого мүмкүндүк берет.

Автореферат киришүүдөн, негизги бөлүктөн, корутундудан, колдонулган жарыяланган эмгектердин тизмесинен турат. Автореферат кыргыз, орус, англис тилдериндеги бирдей түзүлгөн резюмеси бар.

**8. Диссертациянын мазмунундагы жана жасалгалоодогу кемчиликтер.**

Жогоруда белгиленген жетишкендиктер менен катар айрым кемчиликтер бар.

1. Теманын актуалдуулугун аныктаганда Кыргыз Республикасында айыл чарба кесиптерине адистерди даярдаган жогорку, атайын,орто жана кесиптик билим берүүчү окуу жайларындагы кесипке даярдоо боюнча абалды анализдөө зарыл болуучу.

2. Авторефератта айыл чарба багытында кесипке багыт берүү ишинин төрт этапта жүргүзүү натыйжалуу боло тургандыгы аныкталган (автореферат, 13-бет), бирок тилекке каршы ар бир көрсөтүлгөн этап боюнча изилдөөнүн эксперименталдык негиздемеси берилген эмес.

3. Диссертациялык изилдөөдө негизги эксперименталдык база катары Нарын областынын мектептери көрсөтүлгөн. Изилдөөдө Кыргызстандын башка региондорунун мектептеринде жүргүзүлгөн кесипке багыт берүү ишинин материалдары менен дагы салыштырып анализ жүргүзсө иштин натыйжалуулугун бир кыйла жогорулатмак.

Бирок, жогоруда көрсөтүлгөн мүчүлүштүктөр жалпы диссертациялык изилдөөнүн деңгээлин төмөндөтпөйт.

9.**Диссертациянын Кыргыз Республикасында «Окумуштуулук даражаны ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү жобого» ылайык коюлган талаптарга туура келиши**.

Сманбаев Өрнөкбек Амановичтин «Окуучуларга айыл чарба кесиптерине багыт берүүнүн теориясы жана практикасы» (айыл мектебинин мисалында) 13.00.01-жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы толук бүткөрүлгөн жана өз алдынча аткарылган,айыл мектебинин окуучуларына айыл чарба кесиптерине багыт берүүнүн маселесине арналган илимий иш болуп саналат.

Жогоруда айтылгандардын негизинде илимий ишти педагогиканын теориясында жана практикасында илимий теориялык мааниге ээ болгон ири илимий проблеманы чечүүгө салым кошкон эмгек катары баалоого болот. Сманбаев Өрнөкбек Амановичтин «Окуучуларга айыл чарба кесиптерине багыт берүүнүн теориясы жана практикасы» (айыл мектебинин мисалында)13.00.01-жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн жазган диссертациялык иши Кыргыз Республикасында «Окумуштуулук даражаны ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү жоболордун» 9 пунктундагы талаптарга жооп берет, анын автору 13.00.01- жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

Пикир С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин педагогика жана окутуунун технологиясы кафедрасынын кеңейтилген отурумунда талкууланды.

Кафедра башчысы,
педагогика илимдеринин кандидаты,
доценттин милдетин аткаруучу Султаналиева Ш.К.

Кафедра башчысы Ш. К.Султаналиеванын колунун тууралыгын тастыктайм